# Наристе

6+

*машайакчылардын балдарга арналган журналы*

6
2021



ЭГЕРДЕ
КУБАНУУГА
МҮМКҮН
ЭМЕС УБАКТА
КУБАНГАНДЫ
ҮЙРӨНСӨҢ,
АНДА САГА
КАЙГЫРГАНГА
СЕБЕП БОЛБОЙТ.

# ТАБЫШМАКТУУ МОМПОСУЙЛАР

**Бадам данектери менен кооздолгон момпосуйларда өлкөлөрдүн аттары жазылган. Тилекке каршы, данектерден кээ бир тамгалар көрүнбөй калыптыр. Данектин астындагы тамгаларды таап, жазып көрсөң, журналдын бул чыгарылышынын темасын билип аласың.**




Сүрөтүн тарткан – ШАКИРТ

# ЫРААЗЫМЫН БААРЫНА

Жаркыраган күн нуру,
Көрүнбөйт таң атканча.
Кар жамынган үйлөрдө,
Шамдар жанат жаркырап.

Куурчактарым отурушат,
Дубалдарга жөлөнүп,
Таттуу уйкуга кетиптир,
Кичинекей бөбөгүм.

Идиш жуулуп, тизилип,
Текчелерге бүткөндө.
Адатынча апакем,
Китепти алат колуна.

Жүздөгөн жылдар илгерки,
Табышмактуу учурга,
Барып калып, жолугам,
Сулайман менен Нухка да.

Каардуу, алп Голийатты көрөмүн,
Жардам бере калгым келет Дөөткө,
Периштелер ырын угам кубанып,
Теңирибиз мал акырда төрөлсө…

Жылдар өтүп чоңоёрмун мен дагы
Балалыгым өтүп кетер алыстап.
Бирок, апа, унутпаймын эч качан
Бул кечтерди жүрөгүмдү жылыткан.

*Биздин эң маанилүү эмгегибиз жана рухий ишибиз – өзүбүздү адамдарга жана Кудайга ыраазы болууга тарбиялоо.*
***Архимандрит Савва (Мажуко)***




*Сүрөтүн тарткан – ШАКИРТ*





# ИОШИКО

*Евгений КУНЦ*

Иошико япондордун Иокогама деген чоң шаарында төрөлгөн. Анын ата-энеси балалуу болгулары келген эмес, ошондуктан Иошиконун төрөлгөнүнө бир нече жума болгондо эле, аны энеси түн ичинде бийик дубалдын түбүнө таштап, кетип калат.

Бул чөлкөмдө машайакчылар жашашчу. Бир ишенген адам ыйлап жаткан кызды таап алып, үйүнө алып келди. Өзүнүн беш баласы бар бул киши жакыр турса да, аялы экөө ташталган бөбөктү сүйүү менен кабыл алышты. Алар кыздын атын Иошико деп коюшту. Бөбөк абдан алсыз болгондуктан, башын да бура алчу эмес, бирок ал жаңы апасынын мээримине чулганып, тез эле тороло баштады, ошентсе да Иошико борпоң болуп, тез-тез эле ооруп кала берчү. Бир нече айдан кийин, жаңы ата-энеси анын эч качан баса албай тургандыгын түшүнүштү. Ошондуктан аны миссионердик ооруканага алып барып беришти, ал жерде кызга көп жылдар бою кам көрүлдү.

Кыз чоңоюп калганда, ага дүйнөнүн Куткаруучусу Ыйса Машайак жөнүндө айтып беришти. Кыз Теңирди чын жүрөктөн жакшы көрүп калды.

Багып алган энеси кызды унуткан жок. Ал Иошикого жума сайын жаңы бир нерсе алып келип, жолугуп кетип турду.

Ошондой күндөрдүн биринде Иошико апасына: «Мен Куткаруучумду абдан жакшы көрсөм да, эч нерсе кыла албай жатам», – деп даттанды. Ошондо апасы мындай деди:

– Сенин Ал үчүн балбылдап жанып турган көздөрүң бар.

– Жок, апа, – деп каршы болду Иошико, – мен Ага чынында эле маанилүү жана чоң бир нерсе жасагым келип жатат, сиз болсо жөн гана кубанышың керек дейсиз да…





– Дайыма ыраазы бол, жүзүңдөн ошол көрүнүп турсун.

Иошико ошондой кылууну чечти. Бирок көп өтпөй мунун оңой эместигин түшүндү. Мисалы, түшкү тамак даамсыз болуп калганда… Баарынан да анын керебетинин жанынан ден соолугу чың, татынакай кыздар өтүп бара жатышып, таң кала карап калышканы Иошико үчүн өтө оор эле.

Бирок Иошико дайыма жылмайганга аракет кылчу, күндөн күнгө бул нерсени кылуу ага оңой боло баштады. Дарыгерлер менен башка бейтаптардын көңүлү бул бактылуу кызга бурулуп, атүгүл, ал кыз жаткан палатаны «жаркыраган бөлмө» деп атап коюшту.

Бир жолу апасы Инжил ала келип, ошондон тарта кызына андагы окуялардан окуп берип жүрдү.

– Апа эгерде менин көздөрүм Ыйса үчүн бир нерсе кыла алса, демек оозум деле бир нерсе кыла алат да, ээ? – деп кызыга сурады Иошико. – Мен китепти өзүм окуганды үйрөнгүм келип жатат, ошондо башкаларга бул сонун окуялардан өзүм окуп бермекмин.

– Мен сага үйрөтөм, – деп убада берди апасы.

Иошико абдан зээндүү болгондуктан, күн сайын окуп жатып, аз эле убакытта өз алдынча окуганды үйрөнүп алды. Ошондо анын палатасына «Тирүү китептин бурчу» деген жаңы ат коюшту.

Иошико жылмайып, Инжилден үнүн чыгарып окуй баштады, ал мунун баарын өзүнүн Куткаруучусу үчүн кылып жатты. Андан кийин Ал үчүн ырдаганды үйрөндү. Бир медайым кызга машайакчылардын чакан ыр жыйнагын алып келип берди. Көп өтпөй ал көп ырларды обондору менен жаттап алды. Эми палатаны «мукам үндүү чымчыктын уясы» деп атап калышты. Иошиконун денеси абдан борпоң, оорукчан болчу. Бирок жүрөгү ыраазычылыкка, кубанычка толгон жүрөк эле. Жылмайып алып, Инжилди башкаларга окуп берип, машайакчылардын ырларын ырдап жатып, Иошико Ыйса Машайактан тапкан бактысын алар менен бөлүшчү. Аны айланасындагылар кубанып угушчу.





*Сүрөтүн тарткан – Елена МИХАЙЛОВА-РОДИНА*

# Ыраазы жүрөк

Сенин тилиң жаңы чыга баштаганда, атаң менен апаң кайсы сөздү үйрөтүшкөнү эсиңдеби? Балким, унутуп деле калсаң керек. Эгерде чоң энең, же бир туугандарың сага бир нерсе белек кылышса, атаң менен апаң эмне дешчү эле?.. Ооба, «рахмат» деп айт дешчү. Баарына ыраазы болууну үйрөнүү эмне үчүн мынчалык маанилүү? Адамдарга жана эң башкысы Кудайга ыраазычылык билдирүү эмне үчүн маанилүү?

Анткени ыраазычылык билдирүү кимге ыраазычылык айтып жатсак, ошого болгон сүйүүнү пайда кылып, жүрөктү көрө албастыктан тазалайт. Кимге ыраазычылык айтып жатсаң, ага кантип көрө албастык кыласың, туурабы? Кудайга ыраазычылык айтуу эмне үчүн ушунчалык маанилүү? «Бардыгын Теңир Ыйсанын ысымы урматына, Ал аркылуу Кудай Атага ыраазычылык билдирүү менен кылгыла (Кол. 3:17). Библия ушундай дейт. Кудайга ыраазы болушубуз өзүбүз үчүн маанилүү. Ал ыраазычылыктын биздин жүрөгүбүзгө кандай жакшы таасир тийгизээрин билет.

Ыраазы болбостук – өтө коркунучтуу күнөө. Эмне үчүн экенин билесиңби? Анткени ыраазы болбостуктун артында дайыма текебердик турат.

Адам бардык адамдар мага жакшылык кылышы керек деп, же болбосо мага баары милдеттүү деп ойлойт. Өзүн өтө маанилүү, күчтүү, акылдуу сезет, кыскасы, ал өзүн-өзү сүйүп калган адам... Бирок Библия Кудайдын текеберлерге каршы экенин, ал эми момундарга ырайым кыларын айтат. Өзгөчө Ыйса Теңир үчүн ыраазычылык билдирүү өтө маанилүү. Ал бул дүйнөгө келип, бардык адамдардын күнөөсү үчүн, сен экөөбүздүн дагы күнөөлөрүбүз үчүн өлдү. Буга кантип ыраазы болбойсуң? Ал бизди түбөлүк өлүмдөн куткарып калды, түбөлүк өмүр берди, күн сайын биз үчүн кам көрөт. Бир сонун ырдын кайырмасында мындай сөздөр бар:

*«Анын ырайымын эстегин, санагын*
*Бирин калтырбай жүрөгүңдө кайталагын*
*Эстечи, сага кандай ырайым төккөнүн,*
*Таң каласың, Анын иштерин карагын...*

Психиатриялык оорукананын оорулууларына келип турган жыйын жетекчиси жөнүндө окудум эле. Дал ошол маалда бир аз акылына келе түшкөн бир оорулуу ага: «Сиз акылыңыз ордунда экендиги үчүн Кудайга ыраазычылык билдирдиңиз беле?» – деген экен. Бул нерсе буга чейин жыйын жетекчисинин оюна келбептир. Ошондон кийин ал ойлоно ала тургандыгы, сүйлөй жана түшүнө ала тургандыгы үчүн Теңирге күн сайын ыраазычылык айтып турууну чечиптир.

Элчи Пабыл мындай деп жазат: «Бардыгы үчүн ыраазычылык билдиргиле, анткени Кудайдын Машайак Ыйса аркылуу силерге ачылган эрки ушундай». Эгерде сен күнү бою ушундай кыла турган болсоң, анда бул күнүң абдан сонун болгондугун көрөсүң. Ошондой эле бүт жашооңду ошондой кылсаң болот. Ыраазы болгон адамдар Кудайга абдан жагат.


*Султан КАДЫРБЕКОВ*



*Сүрөтүн тарткан – ШАКИРТ*

# АЯТ ТОЛГОН ЖҮРӨК

Түйүндөрдү чеч. Асты чийилген муундан баштап, жипти ээрчий, кийинки муундарды тап. Табылган аятты төмөндөгү орунга жаз.




**ЖООП:**

# Жунустун капа болушу

*Султан КАДЫРБЕКОВ*


Кудайдын Жунус деген пайгамбары болгон. Ал Ысрайылдагы Напталы жеринде, Жоробам падышанын тушунда жашаган. Ошол убактагы эң күчтүү мамлекет Ашур империясы эле. Ниневи аттуу чоң шаар анын борбору болчу.

Күндөрдүн биринде Кудай Жунуска Ниневиге барып, ашурлуктарга: «Мыйзамсыздыктарыңардын айынан шаарыңар талкаланат» деп айтууну буйурду. Жунус Теңирдин айтканын уккандан кийин, Ниневиге эмес, көзү көргөн туш келди багытта кетип калмакчы болду. Жер ортолук деңизинин жээгиндеги Жапа шаарына келип, Таршышка жөнөп жаткан бир кемени тапты. Бул шаар Атлантиканын Испания мамлекети тарабындагы жээгинде жайгашкан.

Жээктен таптакыр алыстап, көк деңиздин бетинен башка эч нерсе көрүнбөй калган кезде, Кудай катуу бороон жиберди. Кеме айдоочулар абдан коркуп кетишти. Алар кемени сактап калууга аракет кылып жатышты, бирок толкун кемени чамындыдай эле нары-бери ыргытып жатты. Жунус болсо кеменин ылдый жагына түшүп, уктап калган эле. Кемедегилер өз кудайларынан сактап калышын, жардам беришин сурап, жалынып жатышты. Алар Жунусту ойготуп: «Сен да өз Кудайыңа сыйын», – деп буйрук кылышты. Бирок Жунус сыйынбастыгын, анткени эмне үчүн мындай бороон башталганын билерин айтты: «Мен өзүм кызмат кылган Кудайдан качып бара жатам. Ал бул бороонду мени токтотуш үчүн жиберди». Абдан корккон кемедегилер Жунустун сунушу боюнча аны алып, деңизге ыргытышты. Жунус сууга түшөрү менен бороон басылды. Кудай пайгамбарды сакташ үчүн чоң балыкты жиберди. Ал Жунусту жутуп алып, үч күндөн кийин баягы кемеге түшүп кеткен жээкке «чыгарып» койду. Бул бейбаш, тил албас пайгамбардын Теңир буйругандай, Ниневиге барып, Анын тапшырмасын аткаруудан башка аргасы калган жок.

Кырк күндөн кийин Ниневи талкаланат! – деп Жунус пайгамбар аянттарда, ийбадатканаларда, базарларда жана көчөлөрдө кыйкыра жар салып жүрдү.

Ысрайылдын пайгамбарын угуш үчүн калың эл чогулуп келип жатты. Ал жөнүндө кабар падышага жетти. Ашур падышасы эли менен бирге Теңирдин сөзүнө ишенип, тобо кылышты. Бүт өлкөдө орозо



*Сүрөтүн тарткан – Лариса ГОРОШКО*

жарыялашты. Падыша, атүгүл, малга да суу менен жем берүүгө тыюу салды. Өзү болсо зумбал кийип, башына күл чачты. Ал Ысрайылдын Кудай-Теңиринен аябай коркуп, кылган бардык жаман иштери үчүн терең өкүнүп, кечирим сурады.

Ишин бүтүргөн Жунус шаар сыртына чыгып, бүт шаар көрүнгүдөй дөбөгө чыгып, жайгашып отурду да, күтүп жатты. Эмнени күттү? Жунус айткан сөздөрдү Теңир качан аткараарын: шаардын талкаланып, тургундардын жазаланышын күттү.

Күн мээден өтө куйкалап, пайгамбар чаңкап жатты, шаар болсо түптүз өрөөндө мемиреп тыптынч жатат. Кербендер шаарга кирип, чыгып жатышты. Эл малын жайытка чыгарып, кайра айдап кетип жатты.

Арадан кырк күн өттү, бирок эч кандай окуя болгон жок. Жунус аябай



кайгырды. «Мен ушундай болорун билгем, – деп күңкүлдөп кирди. – Сен кечиргенди сүйгөн Кудайсың. Мен Нинебиге ошондуктан баргым келген эмес, анткени Сенин ал элге ырайым кылып коёруңду билгем».

Ошондо Кудай бир эле түндүн ичинде чоң өсүмдүк өстүрүп чыгарып койду, Жунус ошол өсүмдүктүн көлөкөсүндө күндүн аптабынан корголоп жатты. Ошентип пайгамбар көлөкөдө отуруп, Теңирдин Нинебини жазалашын күтүп жатат.


Эртеси Теңир бир куртка өсүмдүктүн тамырын жеп салууну буйруду, ошондо ал дароо куурап калды. Ошондо Жунус кандай гана кайгырбады дейсиң! «Ушундан көрө өлүп калсам болмок!» – деди ал Теңирге.

«Сен өзүң мээнет кылып өстүрбөгөн, бир түндө өсүп, бир түндө соолуп калган өсүмдүк үчүн өкүнүп жатасың. Анан Мен кантип оң колун сол колунан ажырата албаган жүз жыйырма миңден ашык адамы, көп сандаган малы бар улуу шаар Нинебини аябайын?» (Жунус 4:10–11). Ошентип Теңир шаарга жана анын тургундарына ырайым кылды.

**Бул окуя Байыркы Келишимде, Жунус пайгамбардын китебинде 1-4-бөлүмдөрдө жазылган.**

### Кандай деп ойлойсуң?

1. **Эмне үчүн Жунустун Нинебиге баргысы келген эмес?**
2. **Эмне үчүн Ашур падышасы Нинебиде орозо жарыялаган?**
3. **Эмне үчүн Жунус Кудайдын Нинебини жазалабаганын көрүп, кайгырган?**





# МИССИОНЕРДИН КАЧЫШЫ


**Жунус пайгамбардык жашоосун чагылдырган сүрөттөрдү туура иреттүүлүктө тиз. Эгер сен «Жунустун капа болушу» деп аталган библиялык аңгемени көңүл коюп окуп чыккан болсоң, бул тапшырманы оңой эле аткарып коёсуң.**






















*Сүрөтүн тарткан – Елена МАМАЕВА*



# АСМАНДАН ЖААГАН МАННА

Манна боткосу сага жагабы? Аны эмнеден бышырышарын билесиңби? Билбесең, манна боткосун маннадан жасашат. Манна – буудайдан тартылган майда, ак күкүм. Биз жеп жүргөн ботконун аталышы маннадан келип чыккан.

Эми Библияга кайрылалы. Бул сөздү биринчи жолу Мисирден чыгуу китебинен кездештиребиз. Ысрайыл эли Мисирден чыгып, чөлдө жашап жатканда, Теңир адамдарды асмандан жааган манна менен баккан. Аны биринчи көргөн адамдар бири-биринен: «Бул эмне?» (еврейче: «Манн-ху?») деп сурашкан. «Манна» деген сөз ошондон келип чыккан. Манна майда ак күкүмдөй көрүнгөн. Эртең менен ал жамгырга окшоп, жерге жаачу. Эл андан күн сайын бир күнгө жеткидей чогултуп алып турчу. Ишембиде Теңир манна жаадырчу эмес, анткени бул күн эс алуу күнү эле, ошондуктан жума күнү баары эки күнгө жеткидей чогултуп алышы керек эле. Маннадан жалпак токочторду бышырышчу. Ал токочтордун даамы бал кошулган нандай болуп кала турган. Эврейлер 40 жыл бою манна жешкен. Асмандан жааган манна – андан кийин такыр кайталанбаган улуу керемет. Кудай идишке манна толтуруп, аны Өз элин чөлдө кантип азыктантканын эстеткен эстелик катары сактап коюуну буйруган. Манна салынган идишти келишим сандыгына Аруннун гүлдөгөн таягы жана келишим жазылган таш лооктор менен чогуу салып сакташкан.

***«Асман маннасы» деген сөз абдан жакшы, керемет сыяктанган, мол берилген нерсе дегенди билдирет.***

Мисалы, чөлдө көп жылга созулган кургакчылыктан кийин, жамгыр төккөн. Бул асман маннасы сыяктуу өтө керектүү жана укмуштуудай окуя болгон.

Манна жөнүндөгү окуяны Мисирден чыгуу китебинин 16-бөлүмүнөн таап окусаң болот.



*Сүрөтүн тарткан – Катерина ФИЛИППОВА*

# Бөжөк Пим тыйын чычкан Пети

*Диана МОЦЬО*



***7-Бөлүм***

«Апа! Апа! – деп кыйкырды Алина. – Эртең менин туулган күнүм да!» Майрамды күткөн кыз күнү бою көпөлөктөй ары бери чебелектеп жүрдү, кечинде болсо төшөгүнө жатып алып, сүйүктүү китебин ачып, жомок дүйнөсүнө сүңгүп кетти.



1. Бала тыйын чычкан Пети коңулга жашынып, Пимдин туулган күнүнө эмне белек кылсам экен деп ойлонуп отурду. Ага оюнчук, же себет жасап берсе кандай болор экен? Пети көпкө ойлонду, бирок баары бир эч нерсе ойлоп таба албай койду.



2. Туулган күнүндө бөжөк Пим маанайы көтөрүңкү ойгонду. Ал туруп, терезенин түбүнө келди. Ошол замат майрамдык маанайы жок болду: тышта жаан төгүп жатыптыр.



3. «Эми эмне үчүн жаан жаап жатат?! Тышка чыгып ойногонго да болбойт», – деп наалып кирди Пим. Ушундай маанайда ал ашканага барды. Апасы эртең мененки тамакты белендеп жаткан эле. Пим учурашып, даскорконго отурду.



4. Апасы абдан сонун жыттаганган бир нерселерди табактарга салып, столго койду. Пим тамактын арасында кандайдыр бир кызыл жана сары бирдемелер калкып жүргөнүн байкап калды. «Ээ-эк! – деп мурчуйду Пим. – Жебейм мен муну!»



5. Ордунан туруп тышка чыкты да, чыкканынан киргени бат болду: жамгыр чакалап куюп жаткан эле! Буга нааразы болгон Пим бөлмөгө кирип, иниси Толя оюнчуктарды чачып салганын көрдү.



6. «Эми бул дагы эмне?!» – деп ачуусу келген Пим, инисин бөлмөдөн кууп чыкты. Толя ыйлап жиберди. «Бул эмне деген туулган күн?! – деп ойлоду Пим. – Баары тескерисинче болуп жатат го. Атүгүл, мени эч ким куттуктаган да жок!»



7. Аңгыча кимдир бирөө эшикти тыкылдатты. Бул Пети болчу. Анын колунда оролгон кутуча бар экен. Бала тыйын чычкан досуна белегин берип, туулган күнү менен куттуктады да, иштери менен чуркап кетти. Пим белегин дароо ача салды.



8. Ал кутуда өзү көптөн күткөн оюнчук бар деп үмүттөнгөн эле, бирок анда колго жасалган оюнчук машина бар экен. Пим айланада болуп жаткан нерсенин баарына кыжырдана берди. Белек да аны кубанта алган жок, сыртта күн да бүркөк!



9. Бөлмөгө апасы киргенде, Пим бурулуп караган да жок, терезени тиктеген бойдон отура берди. Апасы уулу менен сүйлөшкүсү келди, ошондуктан бери бурулушун суранды. Пим көңүлсүбөй апасына бурулду.



10. «Пим, – деп сөз баштады апасы, – сен майрамды өзүң эле бузуп жатасың, өз көңүлүңдү өзүң чөгөрүп жатасың. Эгер кубанганга мүмкүн эмес нерсеге кубанганды үйрөнсөң, кайгырганга себеп да калбайт!



11. Жамгырдын жаашы жаратылыш үчүн жакшы! Жамгырдан кийин күн желеси чыгып, айлана тазарып калат! Сен Толяны урушкандын ордуна аны менен ойносоң болмок да. Белек деген эң башкы нерсе эмес. Көңүл буруу алда канча маанилүү».



12. Ошондо Пим баарын түшүнүп, тышка чыкты да жылмайып койду. Жамгырга ачууланбай калды. Андан кийин Пим инисине барып, кечирим сурады. Жүрөгүн кубаныч уялап, жепжеңил болуп калды!



13. Ал майда нерселерден да жакшыны көрдү. Кечинде Пим тышка чыкты. Жамгыр басылыптыр. Ал асманды карап, укмуштуудай чоң күн желесин көрдү! Аңгыча бирөө чакырып жатканын угуп калды.



14. Бурулса, досу, бир туугандары жана ата-энеси турушуптур. Алар аны куттуктап, көптөн күткөн, кыялындагы нерсени белек кылышты! Кыялдар орундалат… Бирок биз майда нерселерге да кубанганды үйрөнгөндө бактылуу болобуз!



**Пайдалуу кеңеш**

**«Такыбаа болуу жана ыраазы болуу – улуу байлык» (1 Тим. 6:6).**

*Сүрөтүн тарткан – Юлия ПРАВДОХИНА*



# ЫРААЗЫЧЫЛЫК

*Айна МУРАТОВА*

Дарыя боюндагы чакан шаарда Наку деген кыз жашачу. Ал Ыйсаны сүйгөн, дайыма жадырап, маанайы ачык жүргөн кыз болчу. Күн сайын эртең менен ал Кудайга сонун жаңы күн үчүн ыраазычылык билдирчү. Бир күнү эртең мененки тамакка чейин кыз Кудай укмуштуудай керемет кылып жаткан жаратылышка суктануу үчүн, дарыя жакка чуркап барат. Көзүн жүлжүйтө күндү карап, жылмайып, кубана мындай дейт:

– Рахмат Сага, Кудайым, ушундай жарык, жылуу күндү бергениң үчүн!

Айланадагы бардык нерсе суктандырып тургандыктан, кыз Жаратуучуну даңктап жатты.

Үйүнө келип, Наку дасторконго отурду. Кудай менен мындай баарлашуудан кийин, эртең мененки тамак абдан даамдуу сезилди. Ал Теңирдин дайыма жанында экенин сезип, Ага абдан ыраазы болуп жатты. Тамактан кийин, апасын бетинен өөп, тамак үчүн рахмат айтып, кайрадан дарыя жээгиндеги өзү жакшы көргөн жерге кетти. Дарыяга шашылып бара жатып, чалынып, жыгылып кетти. Бутун катуу оорутуп алган ал баса албай калды. Бутунун оорусуна чыдабай ыйлап, жаагы ылдый жашы куюлду. Наку сыйынып, Ыйсадан жардам сурады. Аңгыча шыбырт угулду. Бактардын арасынан бир бала көрүндү. Велосипедин сүйрөп келе жаткан ал катуу бышактап жаткан эле. Кызды көрүп, бала ыйын токтотту да, анын жанына келди.

– Эмне болду? Эмне үчүн бул жерде жалгыз отурасың? – деп сурады ал.

– Мен дарыя жакка чуркап бараткам, – деп түшүндүрүп кирди Наку, – бутакты байкабай чалынып жыгылып, бутумду катуу оорутуп алдым.

Кыз өзүнүн жаратын унутуп, баладан сурады:

– А сен эмне мынча капалуусуң? Баса, менин атым Наку.

Бала капалуу жооп берди:

– Меники Сагын. Мен велосипедимди бузуп алдым, ошону атама кантип айтарымды билбей жатам.

– Кабатыр болбо, – деп аны жубатты Наку. – Ыйсадан жардам сура.

– Кимден? – деп тактай сурады Сагын.

– Ыйса Машайактан.

Бала Накуну таң кала карады, анткени ал Адам жөнүндө мурда такыр уккан эмес:

– Мени ошол Киши менен тааныштырып коё аласыңбы?

Кыз сүйүнүп кетти:

– Албетте, мен сени Ыйса менен тааныштырам.

Сагын тынчсызданбай эле коюшу керектигин, өзүнө бирөөлөр жардам беришерин түшүндү. Бирок Накуга да үйүнө жетишине жардам бериш керек эле. Ал ага колун сунуп, велосипедге отургузду да, жөлөп алып үйүнө жеткирди.

Кыздын үйүнөн аларды Накунун атасы тосуп чыкты. Ал кызды үйгө көтөрүп кирип, апасы кыздын тизесин таңып берди. Ата-энеси Сагынга жардамы үчүн аябай ыраазы болушту. Накунун атасы баланын велосипедин оңдоп берди. Ал аябай сүйүнүп, ыраазы болду!

Анан баары чогуу чай ичишти, анан Наку жаңы досуна Ыйса Машайак жөнүндө айтып берди. Сагын кубанычтуу кабарды биринчи жолу мына ушундайча укту.



*Сүрөтүн тарткан – ШАКИРТ*

# АТЫН ТАП

**Бул жерде Библиядагы кээ бир каармандардын ысымдары жашырылыптыр. Аларды тапчы?**

1. Нухтун уулдарынын аттары ким? (Башт. 6:10)

___ ___ ___, ___ ___ ___, ___ ___ ___ ___ ___.

2. Ыйсанын шакирттеринин бири (Жкн.20:24).

___ ___ ___ ___ ___.

3. Лазардын карындаштарынын аттары (Жкн.11:1).

___ ___ ___ ___ ___, ___ ___ ___ ___ ___ ___.

4. Өлбөй туруп, асманга алынып кеткен пайгамбардын аты (Башт.5:24).

___ ___ ___ ___.

5. Ахап падышанын аялынын аты (Башт.16:30-31).

___ ___ ___ ___ ___ ___.

*Түзгөндөр: Лилия, 11 жаш. Ыйман, 9 жаш. Кажы-Сай айылы.*

# БАШ КАТЫРМА

**Тамганын артынан тамганы окуп жүрүп отурсаң, Библиядагы бир аятты окуйсуң. Тамгалар өз ара кесилишкен эмес, ошондой эле бир эле торчодон эки жолу өтүүгө болбойт.**

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| М | А | Г | А | Н | А | Ө | З | Ж | О | Л |
| Т | К | А | М | Е | Д | М. | Й | Д | 23 | У |
| О | К | Е | Л | Г | А | А | А | Ы | : | Н |
| О | П | А | М | _ | М | Д | Д | Н | 49 | Б |
| К | Ы | Г | К | Ө | Н | А | У | К | Р | А |
| У | Л | А | Т | М | Е | Н | К | У | У | Й |
| Р | А | У | Ө | А | Р | А | К | Т | Б | К |
| М | Н | Р | С | Г | У | Ө | М | З | А | А |
| А | Ы | М | Р | М | У | Т | Ө | С | Р | П |
| Н | Г | А | Ө | А | С | У | Н | К | Ө | Ж |
| Д | Ы | Т | К | Д | А | Н | Ө | Г | Р | Ү |



# МАШАЙАК ТӨРӨЛДҮ

Шаттангыла баарыңар!
Мактап ырдай бергиле:
Куткаруучу төрөлдү,
Жакшы Устат элине!

Кудай Сөзү боюнча,
Аткарылды убада,
Ар бир адам чын дилден
Мактоо айтсың бир Ага.

Аткарылды! Аткарылды!
Ыйса Теңир төрөлдү!
Жан дүйнөлөр тынчтык тапты:
Оор жүктөн арылды!

Байыркы шаар үстүндө,
Жарык жылдыз жаркырайт.
Мактагыла Жаратканды,
Бардык жандар, дайыма!

Токой, деңиз, жаратылыш
Мактоо айтып шаңдансын,
Бийик тоолор, дөң, талаалар,
Даңкты Ага арнасын.

Бул Наристе улуу Теңир –
Адам жана Жараткан!
Түбөлүктүү даңк-урматка,
Ал татыктуу бир гана!

# КУДАЙГА ДАҢК!

Асманда ыр жаңырат:
Кудайга даңк!
Улуу Теңир даңкталат,
Кудайга даңк!
Баары Аны даңкташат,
Кең мейкиндик жаңырат.
Кудайга алкыш, Ага даңк!

Бүгүн Бөбөк төрөлдү,
Кудайга даңк!
Жаралуулар айыкты,
Кудайга даңк!
Түбөлүктүү Кудай-Теңир
Уулун берди асмандан.
Кудайга алкыш, Ага даңк!

Кылымдарга бул кубаныч,
Кудайга даңк!
Чексиз Анын ырайымы,
Кудайга даңк!
Кенен, терең деңиздерден.
Оо, адамзат, ойгонгун сен!
Кудайга алкыш! Ага даңк!

Жер бетинде Ал даңкталсын!
Кудайга даңк!
Жүрөгүмдө Ал жашасын!
Кудайга даңк!
Караңгылык жок болду,
Убадасы аткарылды.
Кудайга алкыш! Ага даңк!




*Сүрөтүн тарткан – ШАКИРТ*

# БАЛАТЫ

Библиядан көрсөтүлгөн шилтеме боюнча аяттарды таап, окуп, саны боюнча ылайыктуу сөздөрдү тандап жаз.

***Туурасынан:***

2. Башт.6:8
3. Ыш.23:8
6. Лк.1:12
7. Аюб 31:26
8. Рут 4:22
9. Башт.11:27
10. Мт. 5:9
12. Мк.1:16
13. Башт.4:4
14. Башт.16:1
16. Башт.21:10
18. 1 Пад.2:12
20. Мт.1:25
21. Лк.1:1



***Тигинен:***

1. Жкн.1:17
4. Мт.2:22
5. Накыл 16:4
11. Лк.4:31
12. Мт.14:34
13. Чыг.8:6
15. Башт.11:28
17. Башт.22:4
19. Башт.13:11

*Сүрөтүн тарткан – ШАКИРТ*

*Ыраазычылык – улуу кенч жана байлык, жеңилгис жакшылык жана күчтүү курал.*
***Иоанн Златоуст***



**Матай (2:1–16) жана Лука (2:1–16) жазган Жакшы Кабарлардан Ыйсанын төрөлүшү жөнүндөгү окуяны оку. Андан соң Библияны жаап, өзүңдүн эске тутууңду текшер. Төмөндөгү аңгемени окуп, кашаанын ичиндеги жооптордон туурасын тап.**

# Ыйса Машайактын төрөлүү окуясы

*(Ирод падышанын, Цезардын, Август падышанын, фараондун)* убагында эл каттоо жүргүзүү боюнча буйрук чыккан. Ар бир адам ата-бабасы жашаган шаарга кайтып барышы керек болгон. Мариям менен Жусуп *(Иерусалим, Назарет, Бейт-Лехем)* шаарына жөнөшкөн, анткени экөө тең *(Дөөттүн, Шабулдун)* тукумунан чыккандар эле. Ар кайсы жактан келгендер шаарда көп болгондуктан, Мариям менен Жусуп *(отелден, мейманканадан, хостелден)* бөлмө таба албай коюшкан. Алар *(чарпаяга, мал сарайга, ооруканага)* түнөгөнгө аргасыз болушкан.

Ыйса төрөлгөндө *(дарыгер, Мариям, медайым)* Наристени *(керебетке, чөпкө, мал акырга)* жаткырган. Дал ушул учурда Теңирдин периштеси *(койчуларга, даанышмандарга)* көрүнүп, аларга Ыйсанын төрөлөрүн жарыялаган. Ошондон кийин асманда көптөгөн периштелер пайда болуп, *(«Аллилуйя», «Асмандагы Кудайга даңк», «Теңирге даңк болсун»)* деп ырдашкан. Койчулар *(бул тууралуу аялдарына айтып берүүгө, падышага айтып берүүгө, Ыйсаны көрүүгө)* шашылышкан. Алар Наристенин кайда экенин табышкан, анткени *(бул тууралуу аларга периште айткан, аларга жылдыз жол көрсөткөн).*

Бир нече убакыттан кийин *(Индиядан, Африкадан, Чыгыштан)* Ыйсаны көргүсү келген даанышмандар келишкен. Алар Ирод падышага *(Машайакты, Жүйүт жеринин жаңы Падышасын, Ыйса Машайакты)* издеп жүрүшкөнүн айтышкан. Ирод даанышмандардан Ыйсаны тапкандан кийин, Анын кайда экенин айтышын суранган, себеби *(Ага белек бергиси, Аны өлтүргүсү, Ага табынгысы)* келген. Даанышмандар Наристени *(үйдөн, мал сарайдан, падыша сарайынан)* табышкан. Алар Ыйсага табынып, кайра Иродго *(кайтып барышкан, кайтып барышкан эмес).* Кудай аларга падышанын Ыйсаны өлтүргүсү келип жаткан жаман оюн (периште аркылуу, түшүндө) эскерткен.

Даанышмандар келбей койгондуктан, Ирод *(Бейт-Лехемде, Жүйүт жеринде, Палестинада)* жашаган бардык *(алты айлык, бир жашар, эки жашка чейинки)* эркек балдардын баарын өлтүрүүнү буйруган. Ал Ыйсаны ушундайча өлтүрөм деп ойлогон. Кудай болсо бул тууралуу Мариям менен Жусупка эскертип, аларга *(Мисирге, Самарияга, Галилеяга)* качып кетүүнү буйруган, ал жерде алар коопсуз болушмак.



# КОЙЧУЛАР

***Автор:***
Ошол күнү койчулар
Кой кайтарып талаада,
Маек куруп отурган
Адатынча, жай гана.

***1-койчу:***
Бүгүн жакшы күн болду,
Ыраазымын Кудайга:
Бүгүн жуушап баары тең
Койлорум бүт ордунда.
Кечээ бирөө аксаңдап,
Баса албай жүрдү эле,
Бүгүн болсо арыктан
Секирип кетти өзү эле.

***2-койчу:***
Мен болсо абдан чарчадым,
Какшап ооруп буттарым:
Жоголуп кетип эки козум,
Жүрдүм издеп жарым күн.
Адашып алар кетиптир,
Баса албай алсыз буттары,
Айдасам баспай коюшуп,
Көтөрүп келдим аларды.

***3-койчу:***
Ооба, досум, түшүнөм,
Кыйын болду сага, чын.
Карышкыр менен алышуу,
Ойлоп көрчү, эң кыйын...
Кокус кетсе көтөрүп,
Оңдурбайт эле козуңду.
Кууп дагы жетпейсиң,
Шамдагай көк жал бөрүнү.

***4-койчу:***
Менин короом ичинде,
Эки кой бар, эң тентек.
Күн-түн дебей, тыным албай,
Шоктонуша беришет:
Алсыздарды сүзгүлөп,
Жөн турушпайт дегеле.
Бүт короого тынчтык бербей,
Түйшүк салат ар кимге.

**5-койчу:**
Ишибиз биздин ушундай,
Баарысына кам көрүп,
Баарын карап, багабыз.
Сүйүү менен баксак эгер,
Теңирден бата алабыз.
Анткени Ал жардам берет,
Кыйынчылык туулса,
Бейкуттукка бөлөйт минтип,
Түн караңгы, жымжыртта.

***6-койчу:***
Тээ асманга көз чаптырып,
Көркөмүнө суктанам.
Жаратканды эстеймин да,
Үмүт менен кубанам.
Кудай Уулу, Теңирибиз
Көптөн күткөн Машайак,
Куткаруучу, Сооротуучу
Келет бизге жакында.





***1-койчу:***
Ооба десең, тээ бийикте
Жымыңдашат жылдыздар.
Алар көптү билген сымал,
Сезим келет ар убак…

***2-койчу:***
Айлана тынч,
жымжырттыкта…
Козуларым уктады.
Бирок жүрөк тынч ала
албайт,
Бул эмнеси, ыя, айтчы?

***3-койчу:***
Ай да сырдуу тиктеп турат,
Бизди карап, жылмайып.
Кээде булут жаап калса,
Каптай түшөт мунарык…

***Автор:***
Ал аңгыча бүт айлана
Кетти дароо жаркырап
Карашса эле жакын жерде
Периштелер турушат!

***Периште:***
«Коркпогула! Кубангыла!
Мен кубаныч алып келдим!
Мына бүгүн төрөлдү
Куткаруучу Теңириң!»

***Ыр:*** *«Кубангыла,
шаттангыла…»*


***4-койчу:***
Бейт-Лехемге баралычы!
Кереметти көрөлү!
Кудай Уулу төрөлгөнү
Зор кубаныч эмеспи!

***5-койчу:***
Мен да абдан көргүм келет,
Машайакты жанынан.
Кудай Уулу ал жакта экен!
Мында чыдап тура албайм!

***6-койчу:***
Кеттик анда, бол, тургула!
Машайакка баралы!
Эң жогорку Падышага
Табыналы, даңктайлы!

*Сүрөтүн тарткан –
Инна КОЗИНА*

# Эски акырга




***Кайырма:***


Элге тынчтык берген асманда Кудайга
Алкыш, мактоо болсун. / 2 жолу

Бир периште түндө келген аларга,
Төрөлгөн Бөбөк жөнүндө кабарлап.

Ааламдын Теңирине таазим этип,
Чын жүрөктөн Кудайга даңк айтышты.

Ал Бөбөк Улуу Падыша экенин,
Куткаруучу экендигин билишти.

# Бакытка толо




1. Бакытка толо, шаттыкка толо,
   Ыйсанын туулган күнү!
   Күнөөкөр дүйнөгө Куткаруучу келди.
   Шаттангыла баарың бул күндө!

2. Бакытка толо, шаттыкка толо,
   Ыйсанын туулган күнү!
   Көктө периштелер көркөм ыр ырдашып,
   Жар салат салтанаттуу ушул күндү!

3. Бакытка толо, шаттыкка толо
   Ыйсанын туулган күнү!
   Куткаруучу келди, бейкут өмүр берди.
   Кубангыла! Салтанаттуу күн келди!



*Сүрөтүн тарткан – Елена МИКУЛА*

# Табышмактар

*Элмира МУКУЛОВА*



**1.** Койчулар түнү уктабай,
Талаада отко жылынып.
Отурган кезде асмандан,
Угулду ырлар шаңданган.
Керемeтүү периштелер,
Шаңга бөлөп асманды,
Ырдашты эле ошондо,
Кана, тапчы, кайсы ырды?
______________




**2.** Даанышмандар Чыгыштан,
Белек алып келишкен.
Кайда экенин билишпей,
Издешкен ак сарайдан,
Бирок Аны табышты,
Жөнөкөй ____ _________.

*Кудайга ыраазы болгон жүрөктөн өткөн жагымдуу нерсе жок.*

***Иоанн Златоуст***

**3.** Бермет, жакут жок менде,
Күмүш дагы, алтын да.
Ошентсе да ишенем –
Байлыгым чыны абдан мен!
Таза алтын төшөлгөн
Жашайм кийин асманда,
Чоң байлыгым менин бул –
Ишенем мен _________.



*Сүрөтүн тарткан – Анастасия ТУР*

# ТАБЫШМАКТУУ ИБИСТЕР


*Үмүт МААРАЗЫКОВА*

**Билесиңби?** Сен суу жээгине жакын жашаган, саздарды, көлмөлөрдү, жээгинде дарактар менен камыштар өскөн, жай аккан дарыялардын боюн мекендеген ибис аттуу, орточо көлөмдөгү канаттууларды (алардын денесинин узундугу 50–110 см жетет) билесиңби?

*Сүрөтүн тарткан – Наталия ЖУРАКОВСКАЯ*

**Билесиңби?** Сен ыйык ибис дегендер (Threskiornisaethiopicus) да бар экенин билесиңби? Бул канаттуу Нил өрөөнүндө байыркы Мисирдин Тот аттуу акылмандык жана калыстык кудайын билдирден. Аны башы ибистики болгон адам келбетинде чагылдырышкан. Мисирликтер Тот-ибис Мисирге кайтып келгенде жер жанданат деп эсептешкен. Азыркы учурда ыйык ибистер Мисирге учуп келип уя салышпайт, бирок байыркы Мисирде бул канаттуулар көп болуп, шаарларда да кездешкен. Азыр болсо алар балапандарын Түндүк Африка өлкөлөрүндө (Мисирден түштүк тарапта), Австралияда жана Иракта басып чыгарышат.

Ыйык ибис – башы жана куйругу кара, өзү ак түстө болот. Картайганда башы менен мойнунун жүнү түшүп, жылаңач болуп калат. Бул канаттуу майда балыктарды, бакаларды жана курт-кумурскаларды жейт.






**Билесиңби?** Башынан бутуна чейин толугу менен кызыл ибис да болорун билесиңби? Бул кызыл ибис (Eudocimusruber) Түштүк Американын түндүк тарабында, Венесуэланын батышынан Гайана аркылуу Бразилиядагы Амазонка куймасына чейин жана Тринидад аралында кездешет. Орокко окшогон, ылдый кайрылган тумшугун жумшак баткакка матырып, моллюскалар менен крабдарды издейт.



***Билесиңби?*** Ак ибис (Eudocimusalbus) кызыл ибис сыяктуу эле мангра өсүмдүктөрүнүн арасына уя саларын билесиңби? Мангралар – бул дайыма жашыл болуп туруучу жалбырактуу токойлор, аларды айына 10–15 жолу суу каптап турат, ошондуктан жылдын дээрлик жарымында алар суу астында жатат!

Кызыл ибистей эле ак ибис да крабдарды, курт-кумурскаларды жана майда балыктарды жегенди жакшы көрөт. Ак ибис Атлантика жана Тынч океандарынын Түндүк жана Түштүк Америка жээгин, Кариб деңизинин аралдарын, ошондой эле Колумбия менен Венесуэланын, Түндүк Каролинаны жана Төмөнкү Калифорнияны, Куба менен Гаитини ээлешкен, кээде алар Ямайкада да кездешип калат.




***Билесиңби?*** Кызыл буттуу, же япон ибиси (Nipponianippon) жок болуу коркунучунда турганын жана Кызыл китепке киргизилгенин билесиңби?


Япондордун салттуу түстөрүнүн арасында «токихаиро» деген түс бар, ал «япон ибисинин жүнүнүн түсү» дегенди билдирет. Качандыр бир кезде кызыл буттуу ибис Кытайда, Россиянын Ыраакы Чыгышында жана Кореяда кеңири таралган.

Кызыл буттуу ибистерди Приамурье менен Приморьеде, Кореяда жана Кытайда бир нече жолу кездештиришкен. Россияда акыркы жолу байкалган кызыл буттуу ибистердин жубу 1990-жылдын июнунда, Амур облусунун Большая Искра дарыясынын куймасында кездешкен.

XX кылымдын башында бул канаттуулар саналуу гана өлчөмдө калган. Аларды Японияда гана кездештирүүгө болгон: 1941-жылы 30 баш, ал эми 1979-жылы 9 гана баш ибис саналган. Ошондон тарта бул канаттууларды колго багып, жасалма түрдө көбөйтүү аракеттери жүргүзүлгөн. Ошентип, бүгүнкү күндө дүйнө жүзүндө бул түрдөн 250 баш бар деп эсептелип келет.



# ЫЙСАНЫН ТУУЛГАН КҮНҮНДӨГҮ ЖЫЛДЫЗ




1.

Декорациянын элементтерин кесип ал. 1- элементтеги ички ак фонду кесип ал. Ар бир элементтен четте чыгып турган боз тилкелерди кайчылардын сүрөттөрү турган жерден кесип кой.




2.

Картондон эки узун, бир кыска тилке кесип ал. Тилкелерди 1-сүрөттө көрсөтүлгөндөй бүктө. Бул тилкелер көлөм жасоо үчүн керек. 1-элементтин тышкы боз тилкелерин картондон жасалган тилкеге 2-сүрөттө көрсөтүлгөндөй чапта.



3.

Эми 2,3 жана 4-элементтерди картондон жасалган тилкеге чапта. Элементтерди көлөм болуш үчүн бири-биринен кандайдыр бир аралыкта кылып чапта.




4.

5-элементти чапта (арткы бети). Жылдыздуу асман декорациянын ичинде болушу керек.





5.

Ыйсанын туулган күнүндөгү жылдыз даяр!





1-элемент




3-элемент

5-элемент





4-элемент



2-элемент

Эстесеңчи мал сарайды, акырды
Наристени ал сарайда туулган,
Эстесеңчи жаркыраган жылдызды,
Малчыларды талаада кой кайтарган.
Каардуу Ирод түшөт менин эсиме,
Анан дагы даанышмандар акылдуу.
Ушул майрам эске салат баарына
Падышанын төрөлгөнү тууралуу.
Мал сарайда Ыйса Теңир төрөлдү,
Жаркыраган хан сарайда дагы эмес.
Бул жарыкка келген өмүр берүүгө,
Анын улуу иштерине сан жетпес.
Куткарууга келген болчу Ал бизди,
Эми биз да даңктайлы Аны – Теңирди!



Байэл



Арууке БАГИШЕВА, 10 жаш, Кара-Балта




Самуил АЙБЕКОВ, 7 жаш, Учкун



Адил ЖУСУПОВ, 5 жаш, Кызыл-Аскер



Умка КЕМЕЛБЕНОВА, 10 жаш, Кызыл-Аскер



Мариям ЖЫРГАЛБЕКОВА, 12 жаш, Учкун

## Кудай сүйөт

Чексиз сүйөт бизди улуу Кудайым:
Бизге асманда керемет үй даярдап,
Күтүп жатат, түбөлүккө болсун деп,
Жаратканды даңктап дайым жүрсүн деп!

## Сыйынуу

Машайакты даңктап сыйын күн сайын,
Кыйналганда чакыр Аны жардамга.
Күчүң кетип жыгылчудай болгондо,
Билгин, Кудай күч берерин дайыма!



ЧЫГЫШ ЖАРЫГЫ

**Наристе**

6/2021

Машайакчылардын балдарга арналган журналы
2008-жылы чыгарыла баштады
Нускасы: 2 000 даана

Журналды басып чыгарууга чын көңүлдөн берилген акча каражаттары жумшалат

Редактор: Асел Кайыпова

Редакциянын дареги:

720000 Бишкек шаары,
Башкы почтамт, а/к 2008к

© «ЧЫГЫШ ЖАРЫГЫ», 2021-ж.

720040, Бишкек шаары,
Тыныстанов көчөсү, 199-46
«ST.art LTD» басмаканасы

Кенже жана тестиер курактагы балдар үчүн
Мукабанын биринчи бетиндеги сүрөттү ШАКИРТ тарткан.

Инжилчи Машайакчы Баптист Жыйындары Союзунун басылмасы

## Жооптор

**2-бет:** Ыраазы жүрөк.

**7-бет:** «Кудай Атабызга бардык учурда бардык нерсе үчүн ыраазычылык билдиргиле» (Эф. 5:20).

**10-бет:** 7, 3, 8, 5, 2, 6, 4, 1.

**16-бет:** АТЫН ТАП: 1. Шем, Хам, Жепет. 2. Томас. 3. Марта, Мариям. 4. Энох. 5. Изебел.

БАШ КАТЫРМА: «Мага мактоо курмандыгын алып келген адам – Мага урмат көрсөткөн адам. Өз жолун байкап жүргөн адамга Мен Кудайдын куткаруусун көрсөтөм» (Заб. 49:23).

**18-бет:** КРОССВОРД. *Туурасынан*: 2. Нух. 3. Таажы. 6. Захария. 7. Сөөлөттүү. 8. Жышай. 9. Ыбрам. 10. Тынчтык. 12. Галилея. 13. Абыл. 14. Сара. 16. Мураскор. 18. Сулайман. 20. Мариям. 21. Теопил. *Тигинен:* 1. Муса. 4.Архелай. 5. Жаратты. 11. Капернаум. 12. Генисарет. 13. Арун. 15. Аран. 17. Көз. 19. Лот

**19-бет:** Август падышанын. Бейт-Лехем. Дөөттүн. Мейманканадан. Мал сарайга. Мариям. Мал акырга. Койчуларга. «Асмандагы Кудайга даңк». Ыйсаны көрүүгө. Бул тууралуу аларга периште айткан. Чыгыштан. Жүйүт жеринин жаңы Падышасын. Ага табынгысы. Үйдөн. Кайтып барышкан эмес. Түшүндө. Бейт-Лехемде. Эки жашка чейинки. Мисирге.

**25-бет:** 1. Асмандагы Кудайга даңк. 2. Мал акырдан. 3. Кудайга.

**30-бет:** «Бүгүн Дөөттүн шаарында силер үчүн Куткаруучу төрөлдү. Ал – Машайак Теңир» Лука 2:11.

# Ыйсанын туулган күнү майрамыңыздар менен!

